**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**
**ДОСТУК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ДОСТУК**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024ж. 5 апрель № 5/3-XXVIII                                        Ленин а.

## Жер участокторун которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө

2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык, ошондой эле арыз ээси Н.М. Исаковдун маалыматын жана долбоорун угуп, жер-агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын, Достук айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча адиси А.Т.Джаркинбаевдин корутундусун угуп жана карап чыгып, Достук айыл аймагында жайгашкан индустриалдык-логистикалык борборду куруу үчүн жеке менчик укугунда Н.М. Исаковго таандык, жалпы аянты 90,35 га № 926,944 контурларындагы жер участокторун "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыш жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоо) макулдук берүү жөнүндө, Достук айылдык кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Н.М. Исаковго жеке менчик укугунда таандык, жалпы аянты 90,35 га Достук айыл аймагында жайгашкан №926,944 контурундагы жер участокторун индустриалдык-логистикалык борборду куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыш жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

**2.** Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясына жеке менчик укугунда Н.М. Исаковго таандык, жалпы аянты 90,35 га Достук айыл аймагында жайгашкан № 926,944 контурундагы жер участокторун «Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жай, транспорт, энергетика, коргонуу, байланыш жана башка багыттагы жерлер"

категориясына индустриалдык-логистикалык борборду куруу үчүн которуу (трансформациялоо) жөнүндө жана бул токтомду мыйзамда белгиленген тартипте бекитүүгө өтүнүч кат берилсин.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Достук айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Н. Аалиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Айтиев Т.Т.**